КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БАТКЕНСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
УНИВЕРСИТЕТ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
BATKEN STATE UNIVERSITY

720100, Баткен ш. И. Жусупов көчөсү, 21
Тел.: (03622) 5-03-26, 6-09-79, 6-09-91, 6-09-81,
6-09-76, факс: (03622) 5-03-26

ИНН02507200010142
ОКПО 22497550
СФ №493
Борбордук казына
БИК 440001/440902
Р/сч.4409021103000730

21, Jusupov Street, Batken, 720100
tel.: (03622) 5-03-26, 6-09-79, 6-09-91, 6-09-81,
6-09-76, fax: (03622) 5-03-26

E-mail: batsu2009@ ambler.ru

720100, г. Баткен, ул. И. Жусупова, 21
Тел.: (03622) 5-03-26, 6-09-79, 6-09-91, 6-09-81,
6-09-76, факс: (03622) 5-03-26

ИНН02507200010142
ОКПО 22497550
СФ №493
Центральная казначейства
БИК 440001/440902
Р/сч.4409021103000730

**Чыгуу/Исх. №** 01-1/10/251
**“** 30 **”** 05 **2022-ж./г.**

**Баткен мамлекеттик университетинин**
**Окумуштуулар Кеңешинин**
**№ 4 Протоколунан көчүрмө**

Баткен шаары 28.04.2022-ж.

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы – А.Т.Гыязов
Окумуштуулар Кеңешинин катчысы - Т.Т.Халилова
Катышкандар: Окумуштуулар Кеңешинин 25 мүчөсүнөн 24ү

**Күн тартибиндеги маселелер:**

**VI.9** БатМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы жөнүндө Жобосун бекитүү.
**Угулду:**
Төрага БатМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы жөнүндө Жобосун бекитүүнү добушка салды: “макул”- 24, “каршы, калыс”- жок.

**Баткен мамлекеттик университетинин**
**Окумуштуулар кеңеши**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. БатМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы жөнүндө Жобосу жактырылсын;
2. БатМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы жөнүндө Жобосу бекитилсин;
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор Миралы кызы Анарага жүктөлсүн;

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, э.и.д., проф. Гыязов А.Т.
Окумуштуулар Кеңешинин катчысы, п.и.к. Халилова Т.Т.

**Көчүрмө анык.**
**Окумуштуулар Кеңешинин катчысы, п.и.к. Халилова Т.Т.**

КЕҢСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

**Баткен мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы жөнүндө**

**Жобосу**

Түзгөн: БатМУнун Окуу - маалымат департаментинин башчысы А.М.Исмаилова,

практика жана карьера боюнча жекетөөчү адис, п.и.к. А.Э.Нажимидинова.



Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Баткен мамлекеттик университети

# Баткен мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы жөнүндө

## Жобосу

Баткен - 2022-ж.

**БатМУнун окуу-усулдук кеңешмесинин № 4 протоколу**
**«28» 04 2022-ж.**

**БатМУнун ректору, ... профессор ... ... «28» 04 2022**

**Баткен мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы жөнүндө Жобосу**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Баткен мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы ЖОЖдун студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн өз алдынча башкаруунун негизин жалпылык кызыкчылыктары менен аныкталган ишмердигин жүзөгө ашыруу максатында түзүлгөн ыктыярдуу коомдук уюм.

1.2. Ассоциациясынын негизги багыттары ушул Жобо менен бекитилет.

1.3. Өз ишинде бүтүрүүчүлөр Ассоциациясы Баткен мамлекеттик университетинин уставы, ушул Жобо ЖОЖдун билим, илим жана башка иш аракетин жөнгө салган иш - кагаздарды жетекчиликке алат.

**2. Ассоциациянын максаттары жана милдеттери**

2.1. Ассоциациянын башкы максаттары болуп, төмөнкүлөр саналат:

Университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн баардык муундарынын арасында ынтымактыкты бекемдөө, байланышын жакшыртуу, интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүү, эмгек базарында талап кылынган кадрларды даярдоо, Баткен мамлекеттик университетинин мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу жогорулатуу.Коюлган максаттарга жетүү үчүн Ассоциация төмөнкү милдеттерди чечет;

2.1.1. Баткен мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жогорку сапатта билим алуусун, интеллектуалдык жана маданий деңгээлин, ошондой алардын инсандык сапатын жогорулатуусуна көмөктөшөт;

2.1.2. Университетке окуу процессин жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуу формаларын өнүктүрүүгө жардам берет;

2.1.3. Окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштурууга көмөктөшөт, мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын, билим берүү мекемелердин коомдук уюмдардын өз ара кызыкчылыктарын макулдашууну, ишке ашырууну камсыз кылат;

2.1.4. Университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушууларын өткөрүүгө жана уюштурууга көмөктөшөт;

2.1.5. Кесипке багыт берүү иштерине жардамдашат;

2.1.6. Баткен мамлекеттик университетинин маалыматтык, укуктук, жарнамалык тейлөөнүн жаматтык формаларын түзөт жана өнүктүрөт;

**3. Ассоциациянын мүчөлөрү, алардын укуктары жана милдеттери**

3.1. Баткен мамлекеттик университетинин баардык бүтүрүүчүлөрү Ассоциациянын мүчөлөрү боло алат.

3.2. Ассоциациянын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу;

3.3. Ассоциацияны башкарууда, келечектүү жана учурдагы иш пландарды иштеп чыгууга, Ассоциациянын шайлануучу органдарына шайланууга жана шайлоого катышууга;



3.4. Ассоциациянын маалыматтык жана усулдук материалдарды, Ассоциация кеңешинин чечимдери жөнүндө жана кызыктырган багыттагы пландаштырылган иш-чаралар боюнча маалыматтарды алууга;

3.5. Ассоциация көрсөткөн кызматтын баардык түрлөрүн пайдаланууга;

3.6. Ассоциациясынын мүчөлөрү милдеттүү;

3.7. Ассоциациянын алдында турган милдеттерди чечүүгө көмөктөшүүгө;

3.8. Ассоциация кеңешинин чечими боюнча өткөрүлгөн иш чараларга катышууга;

3.9. Ассоциациянын Жобосун сактоо жана Ассоциациянын жетекчи органдарынын чечимдерин мөөнөтүндө аткарууга;

3.10. Өзүнүн үй жана жумуш дарегинин, телефон номерлери, жумуш орду жана кызматы өзгөргөндүгү тууралуу өз убагында Кеңешке малымдоого;

3.1 1. БатМУнун бүтүрүүчүсүнүн ар- намысын жана кадырын сактоого;

3.12. Ассоциациянын ишин жүзөөгө ашыруу үчүн мүмкүн болушунча материалдык, маалыматтык жана башка жардамдарды көрсөтүүгө;

**4. Ассоциацияны уюштуруу жана башкаруу**

4.1. Үч айда бир жолудан кем эмес чогулган Ассоциациясынын Кенеши Ассоциациянын жогорку органы болуп эсептелет. Кенеш өзүнүн жыйналыштарын Кеңеш бекиткен календардык жылга болгон отурумдарынын планы боюнча өткөрөт.
4.2. Кеңештин төрагасы Ассоциациянын Кеңешинин мүчөлөрүнүн ичинен ачык добуш берүү аркылуу көпчүлүк добуш менен шайланат.

4.3. Кеңештин төрагасы Ассоциациянын ишине жаңы жетекчилик иштерин жүзөгө ашырат, борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдарында, коомдук уюмдарда Ассоциациянын кызыкчылыктарын коргойт.

**5. Ассоциациянын аткаруучу комитети**

5.1. Ассоциация Кеңешинин отурумдары арасында иш жүргүзөт.

5.2. Аткаруу курамынын комитетине Кеңештин отурумунда бүтүрүүчүлөрдүн жаш окуу жайда иштеген кызматкерлердин ичинен шайланат.

5.3. Аткаруу комитет көпчүлүк добуш менен ачык добуш берип, төраганын өз мүчөлөрүнүн ичинен шайлайт.

5.4. Аткаруу комитет Кеңештин жыйындарында кабыл алынган чечимдерин жүзөгө ашырат, бардык мүчөлөрүнүн ишин жөнгө салат, календардык жылга карата бекитилген пландын аткарылышын текшерет, Ассоциациянын web-баракчаларына контент менеджмент жүргүзөт.

**6. Ассоциациянын ишин токтотуу**

6.1 Ассоциациянын мүчөлөрү биргелешип иштөөнү улантууга кызуугусун жоготкон учурда Ассоциация жоюлат.

6.2 Ассоциацияны жоюу жана аны жүзөгө ашыруу жол-жобосу жөнүндөгү чечим Ассоциациянын мүчөлөрү тарабынан Ассоциациянын web- баракчасында электрондук добуш берүү менен кабыл алынат.